**УДК:371.382:373**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-3/1-46-56**

**Кырбашова М.Т.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
mayram_kyrbashova@mail.ru
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Эркинбекова Ш.Э.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
erkinbekovash22@gmail.com

# БИОЛОГИЯНЫ ОКУТУУ ПРОЦЕССИНДЕ КОЛЛЕДЖДИН СТУДЕНТТЕРИНИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРИН УЮШТУРУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ

**Аннотация.** Макалада Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана анын талаптарына шайкеш келген башталгыч класстардын заманбап мугалиминин кенже жаштагы окуучулар менен жекече иштөөгө даяр жана окуучулардын чыгармачылык көндүмдөрүн калыптандыруучу кесипкөй инсан болушундагы Биология дисциплинасынан өз алдынча иштердин ролу тууралуу айтылат. Ошондой эле аталган инсандык сапаттарды калыптандыруудагы Биология предметинен өз алдынча иштерди туура уюштуруу абдан маанилүү милдеттердин бири экендиги баса белгиленет. Башталгыч классты окутуу адистигинин студенттеринин өз алдынча иштерге даярдыгын жогорулатуу үчүн биология предметинен студенттердин өз алдынча иштерине натыйжалуу таасир этүүчү педагогикалык шарттары системалуу түзүү аркылуу аларда предметке болгон кызыгууну жана өз алдынча билим алууга мотивацияны жогорулатууга боло тургандыгын эксперимент аркылуу далилденет.

**Негизги сөздөр:** биология предмети, колледж, студенттер, өз алдынча иштер, педагогикалык шарттар , орто кесиптик билим берүү.

**Кырбашова М.Т.**
кандидат педагогических наук, и.о. доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
mayram_kyrbashova@mail.ru
**Эркинбекова Ш.Э.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
erkinbekovash22@gmail.com

# ПРОБЛЕМЫ ОРГАНИЗАЦИИ САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ СТУДЕНТОВ КОЛЛЕДЖА В ПРОЦЕССЕ ПРЕПОДАВАНИЯ БИОЛОГИИ

**Аннотация.** В статье рассматривается роль самостоятельной работы по предмету Биология в становлении современного учителя начальных классов, как профессиональная личность, он должен быть готов к индивидуальной работе с младшими школьниками для формирования у учащихся творческих навыков в соответствии с государственным образовательным стандартом Кыргызской Республики и его требованиям. Также подчеркивается, что правильная организация самостоятельной работы по предмету биологии в формировании качеств личности является одной из важнейших задач. Для повышения готовности студентов к самостоятельной работе по специальности преподавания начальных классов экспериментально доказывается, что путем систематического создания педагогических условий, эффективно влияющих на самостоятельную работу учащихся по предмету, биология, можно повысить у них интерес к предмету и мотивацию к самостоятельному обучению.

**Ключевые слова:** предмет биологии, колледж, студенты, самостоятельная работа,педагогические условия, среднее профессиональное образование.

**Kirbashova M.T.**
candidate of pedagogical sciences, acting associate professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
mayram_kyrbashova@mail.ru
**Erkinbekova Sh.E.**
master's student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
erkinbekovash22@gmail.com

## PROBLEMS OF ORGANIZING INDEPENDENT WORK OF COLLEGE STUDENTS IN THE PROCESS OF TEACHING BIOLOGY

**Abstract:** The article examines the role of independent work on the subject of Biology in the formation of a modern primary school teacher, as a professional person, he should be ready to work individually with younger schoolchildren to form creative skills in students in accordance with the state educational standard of the Kyrgyz Republic and its requirements. It is also emphasized that the correct organization of independent work on the subject of biology in the formation of personality qualities is one of the most important tasks. To increase students' readiness for independent work in the specialty of primary school teaching, it is experimentally proved that by systematically creating pedagogical conditions that effectively affect students' independent work on the subject of biology, it is possible to increase their interest in the subject and motivation for independent learning.

**Keywords**: biology subject, college, students, independent work,pedagogical conditions, secondary vocational education.

Азыркы учурда Кыргызстанда Билим берүү системасын реформалоонун маанилүү этаптары жүрүп жатат. Ал бир топ билим берүү боюнча укуктук-ченемдик документтер аркылуу тастыкталган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «2021-2040-жылдары Кыргыз

Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасында» билим берүүнүн актуалдуу көйгөйлөрүнүн катарында орто окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн билиминин, билгичтиктигинин жана көндүмдөрүнүн деңгээлинин жетишсиздиги айтылып, аны натыйжалуу ишке ашыруу үчүн билим берүүдө кесиптик көндүмдөргө ээ болуу, өз алдынча аракеттенүүгө, өз оюн ачык айтууга жөндөмдүү, чыгармачыл, инновациялык ыкмаларды колдонуу жана эмгек рыногунда жана жашоодо ийгиликке жетүүгө жардам бере турган атайын жана жалпы билимдерге жана көндүмдөргө ээ болуу маселери каралган [1]. Ал эми «2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында» окуу чөйрөсүнөн эмгек чөйрөсүнө өтүүнү камсыз кылган көндүмдөрдү калыптандыруу кылуу керек деп жазылган[2] . Ошондой эле 2022-2024 жылдарга КРнын ББИМнин PISA – 2025 изилдөөлөрүнө катышууга КРнын билим берүү системасын даярдоо боюнча иш-аракеттерде да кенже окуучулардын функционалдык сабаттуулугун өнүктүрүүнү ишке ашыруу маанилүү экендиги айтылат. Эмгек рыногундагы өсүп жаткан конкуренция шарттарында ар бир билим берүү мекемеси заманбап талаптарга жооп берген, билимдин керектүү денгээлине жана практикалык көндүмдөргө, жалпы жана кесиптик компетенцияларга ээ болгон сапаттуу адистерди даярдоого кызыктар болушат. Ошол эле мезгилде билим берүү процесси студенттин кесиптик багыт алуусунан, кесипкөйлүктүн жогорку деңгээлин калыптандыруучу анын кесипти тандоодогу мотивациясынан түздөн-түз көз каранды [3, 45б]. Ошентип, заманбап эмгек рыногунун суроо-талаптарына ылайык кесиптик компетенцияларга ээ болгон жаштарды даярдап чыгаруу милдеттери турат. Демек, Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы эн негизги милдтеттердин бири - мамлекеттин келечегин түптөө үчүн келечек муундарга татыктуу билим жана тарбия берүү болуп саналат. Андыктан азыркы кезде биздин келечегибиз болгон башталгыч класстардын окуучуларынын окуу, математикалык, табигый, чыгармачыл, креативдүү жана функционалдык сабаттуулугун өркүндөтүү учурдун актуалдуу маселелеринин бири болуп саналат. Бул маселе жогорудагы ченемдик документтерде баса белгиленип, мектептерде математикалык, табигый-илимий, технологиялык билим берүү чөйрөлөрү STEAM предметтер боюнча билимдерди жана көндүмдөрдү өнүктүрүү керек экендиги айтылган. Бул көйгөйдү чечүүдө билимдүү, ар кандай тез өзгөрүлүп жаткан абалдарга ыкчам жооп бере турган бүтүрүүчүлөрдүн даярдыгы мугалимдерден көз каранды болот, анткени жаштар кандай гана кесип тандашпасын мугалим тарабынан түптөлгөн негиздерди өнүктүрөт, толукташат жана көбөйтөт. Ушуга байланыштуу башталгыч класстардын болочок мугалимин сапаттуу даярдоо – орто кесиптик билим берүү системасынын артыкчылыктуу милдеттеринин бири.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана анын талаптарына шайкеш келген мектептерге башталгыч класстардын заманбап мугалими – кенже жаштагы окуучулар менен жекече иштөөгө даяр, окуучулардын чыгармачылык көндүмдөрүн калыптандыруучу кесипкөй инсан болушу керек. Аталган сапаттарды калыптандырууда болочок башталгыч класстын заманбап мугалиминде жогорудагы инсандык сапаттарды калыптандыруудагы Биология дисциплинасы боюнча өз алдынча иштерди туура уюштуруу абдан маанилүү милдеттердин бири деп эсептейбиз. Анын үстүндө жогоруда айтылгандай азыркы дүйнө жүзү өздөштүрүп жаткан STEAM- билим берүүнүн талаптарын башталгыч класстын заманбап болочок мугалиминде ишке ашыруудагы Биология дисцилипинасы боюнча өз алдынча иштердин ролу абдан чон экендиги талашсыз.

Орто билим берүүчү кесиптик окуу жайларынын негизги максаты - жаңы социалдык чөйрөгө тез жана оңой ыңгайланыша ал турган, командада иштөө жана адамдар менен бааралаша ала турган, ар тараптан өнүккон инсанды калыптандыруу болуп саналат.Кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартында милдеттуу аудиториялык иштерден тышкары студенттер учун өз алдынча иштердин белгилуу көлөмү да аныкталган. Ошентип, студенттердин өз алдынча иштери окуу процессин уюштуруунун негизги формасына айланып бара жатат.Студент үчүн жаңы эмгек шарттарына жакшы кесиптик даярдыгы бар, өз алдынча жүрүм-туруму, иш-аракети жана баарлашуу көндүмдөрүнө ээ, атаандаштыкка жөндөмдүү, мобилдүү адис болуп калыптанышы үчүн маанилүү ролду орто кесиптик билим берүү мекемелери ойной тургандыгы билүү абдан маанилүү.

Табигый илимий билим берүү, атап айтканда биологиялык билим берүү, жалпы билим берүүнүн түзүмүндөгү өз алдынча элемент болуп саналат, ал окуп жаткандарда коом менен жаратылыштын өз ара аракеттенүүсү жөнүндө илимий түшүнүктөрдүн негиздерин тарбиялайт, ошондой эле айлана-чөйрөгө жоопкерчиликтүү мамилени, илимий дүйнө таанымды калыптандырат. Ушуга байланыштуу орто кесиптик билим берүү системасында "Биология" окуу дисциплинасынын артыкчылыктуу милдети болуп студенттердин алган биологиялык билимдерин практикада, стандарттуу эмес кырдаалдарда, күнүмдүк турмушта, өндүрүштө сабаттуу пайдалануусу эсептелет.

Студенттер алган билимдерин бир илимий тармактан экинчисине өткөрүп бериши өзгөчө актуалдуу, мисалы, биология сыяктуу илимдер менен тыгыз байланышта: экология, физиология, физика, химия ж.б. демек, биология окуу дисциплинасы катары студенттерде жаратылыштын, коомдун жана адамдын бүтүндүгүн жана биримдигин, ошондой эле алардын өз ара аракеттенүү жолдорун түшүнүүнү өнүктүрүүгө өбөлгө түзүшү керек.

Биология предметинин негизги максаты – башка предметтер менен бирге окуучулардын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын өнүктүрүү болуп эсептелинет, ошондуктан анда окутуу процесси окуучунун билим алуусунда ийгиликке жетишүүсүн, анын туруктуу абалда болушун, илимий ой жүгүртүүсүнүн негизинде өз алдынча билим алуу ыкмаларына ээ болуу менен аны практикада ийгиликтүү колдонуусун, ошондой эле окуучулардын бардык аракеттери чыгармачылык нукта аткарылып, жоопкерчилик менен жүзөгө ашырылуусун камсыз кылат. Мындай сапаттар социалдык маани-маңызга ээ болуп, адамды улам өзгөрүп турган коомдун шарттарына ыңгайланышуусуна алып келет. Демек, азыркы учурдагы биологиялык билим берүүнүн өзгөчөлүгү окуучунун инсандык сапатынын өнүгүүсү болгон таанып-билүү өз алдынчалыгын калыптандыруу болуп саналат[4, 76б]

Колледждеги башталгыч класстарды окутуу адистигинде окуу-тарбия процессинде жалпы билим берүүчү "Биология" предметинин мазмуну студенттерди кесиптик даярдоо менен өз ара байланышта болушу керек, анын ичинде өз алдынча иштөөнүн практикалык ыкмаларын жана көндүмдөрүн, ишмердүүлүктүн универсалдуу ыкмаларын, өзүн өзү башкара билүү жана көндүмдөрүн калыптандырууга, ошондой эле окуу жайдын профилине жана түзүмүнө ылайык профилдик багытка ээ болууга тийиш.

Кесиптик билим берүүнүн негизги милдеттеринин бири өз алдынча өнүгүүгө, өз алдынча изденүүгү жана көйгөйлөрдү өз алдынча чече билүүгө жөндөмдүү инсанды калыптандыруу болуп саналат. Мугалимдин даяр билимди студентке бериши менен бул милдет толугу менен чечилбейт. Окутуучулар студенттерди билимди жана маалыматты өз алдынча издөөгө багытташы керек. Ушуга байланыштуу студенттердин өз алдынчалыгы абдан маанилүү.

Биологияны окутуу процессинде колледжде *аудиториядагы,* аудиториядан тышкаркы жана демилгелүү (студенттин өз демилеси менен ишти аткаруусу) болуп бөлүнөт.

- аудиториядагы өз алдынча иш окутуучунун тапшырмасы менен аудиторияда окуу процесси учурунда аткарылат;

- аудиториядан тышкаркы окутуучунун тапшырмасы менен, бирок анын катышусуз аткарылган иш;

- демилгелүү өз алдынча иш негизги окуу программасында каралган эмес, студенттин демилеси менен өзүнүн окуу жана илимий кызыкчылыктарын (окуу изилдөөлөрүнө катышуу, чыгармачылык иш аракеттерди аткаруу) ишк ашыруу.

Биология дисциплинасынын окуу мазмуну өз алдынча иштердин ар кандай түрлөрүн өткөрүүгө мүмкүнүчүлүк түзөт: биология тапшырмаларды аткаруу, рефераттарды жана докладдарды даярдоо, презентацияларды даярдоо жана адабияттар менен иштөө ж.б.у.с.

Кыргыз Республикасында заманбап билим берүүнү ишке ашыруудагы эн негизги окуу процессинин элементи катары - өз алдынча иштерди системалаштыруу жана алган билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн студенттерде калыптандыруудагы окуу процессинин элементи катары өз алдынча иштер маанилүү орунду ээлейт.

Азыркы учурда колледжде кесиптик билим алуунун алкагында кесиптик жалпы билим берүүчү предметтердин сааттарынын саны кыскартылган. Кесиптик жалпы билим берүүчү предметтеринин катарына кирген Биология дисциплинасы башталгыч класстарды окутуу адистигинде бир окуу жылында 1-2-семестрге бөлүнүп (20+20) бардыгы 40 саат бөлүнгөн. Ошондуктан орто окуу жайларынынын анын ичинде колледже билим берүү мейкиндигинде өз алдынча иштердин ролу абдан зор жана ал билим берүүнүн сапатын камсыз кылуучу негизги каржат экендиги да талашсыз.

Демек азыркы учурда колледжде билим берүүнүн негизги милдеттеринин бири студенти болочок муунду окутуучу башталгыч класстардын заманбап мугалими катары өз алдынча билимдерге жана көндүмдөргө умтулуусун камсыз кылуучу жана кесиптик жактан дайыма тынымсыз эмгектенген инсанды калыптандыруу болуп саналат.

Бирок бул милдеттерди чечүүдө бир топ кыйынчылыктар бар. Алардын айрымдарын санап өтсөк:

- өз алдынча иштерди уюштуруу;
- студенттерде билим алууга жана жанылап турууга болгон ички умтулуу;
- студенттердин өз алдынча иштердин билгичтиктерин жана көндүмдөрдүн алуусун камсыз кылуу;
- студенттерде тынымсыз билим алып туруунун шыктарын калыптандыруу ж.б.у.с.

Колледжде студенттерге билим берүүдө жана алардын кесиптик компетенцияларын калыптандырууда студенттердин өз алдынча иштери маанилүү каражат болуп саналат.

Адабияттарды талдоо менен биз студенттердин өз алдынча ишмердүүлүгү деп биз окуу процессинин маныздуу бир бөлүгү деп түшүнөбүз. Студенттердин өз алдынча иштеринин натыйжалуулугу окутутуу тарабынан текшерүү жана анын көлөмүн уюштуруудан көз каранды болот.

Өз алдынча ишти натыйжалуу уюштуруунун негизги милдеттеринин бири "окуучулардын окуу программаларын өздөштүрүүгө мотивациясынын калыптанышы" үчүн окуу шарттарды түзүү, жалпы жана кесиптик компетенцияларды калыптандыруу, ошондой эле окуу процессине болгон өзүн-өзү тарбиялоого, өзүн-өзү өнүктүрүүгө жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү болуп саналат[5, 72б]. Өз алдынчалуулук- инсандын калыптануучу сапаттарынын

бири. Бул сапат адамдын жетилүү процессинин жүрүшүндө пайда боло баштайт. Өз алдынчалыкты калыптандыруу үчүн эң маанилүү шарттар-бул адам жардамсыз өзү аракет кылышы керек болгон кырдаалдардын жана иш-аракеттердин болушу.

Биринчи курстун студенттеринин биологияны окуп-үйрөнүүдө өз алдынча иштөөгө даярдыгын калыптандыруу процесси педагогикалык процесстин ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Мында негизги ролду, студенттердин инсандык маанилүү сапаттарынын калыптанышына өбөлгө түзүүчү педагогикалык шарттар ойнойт. Биздин изилдөөнүн контекстинде, өз алдынча иш-аракеттерге даярдыкты калыптандырууга багытталган педагогикалык шарттарды аргументтөө үчүн, илимий-методикалык жана психологиялык-педагогикалык адабияттарды эске алуу менен бул көрүнүштүн маңызын тактоо зарыл. Гуманитардык колледждин биринчи курстарынын жалпы билим берүүчү дисциплинасынын ичинен Биология дисциплиансын окутууда студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу учурунда окутуучу жана студенттер үчүн кыйынчылыктар көп кездешет. Анткени мектепти аяктап келген биринчи курстун студенттеринде өз алдынча иштерге даярдык денгээлдери жеткииликтүү калыптанган эмес.

Биздин изилдөөбүздөгү студенттердин биология боюнча өз алдынча иштөөгө даярдыгынын критерийлери гуманитардык колледждин студенттеринин биологиядан калыптанган таанып билүү жөндөмдөрүнүн жана көндүмдөрүнүн байкалуу даражасына негизделет. Бул болсо өз кезегинде окутуучуга коюлган педагогикалык максатты аныктоого жана окуу жөндөмдөрүнүн жана көндүмдөрүнүн натыйжалуу калыптандырууга мүмкүнчүлүк түзөт да окутууучу өз убагында студенттин окуудагы жеке жетишкендиктерин талдай алат. Критерий – бул бир нерсени баалоо жана аныктоо болуп саналат.Критерийлер түшүнүгү көптөгөн авторлор тарабынан каралып аны «бир чечимди ыктымалдуу көп чечимдердин ичинен тандап алуу боюнча кызмат кылган негизги белги» же бир нерсени аныктоодо же классификациялоодо негиз болгон белги «катары» аныкташат. Критерийлер белгилүү бир талаптарды канааттандырышы керек. Критерийлердин мааниси, анын профессионалдык ишмердүүлүктүн эффективдүүлүгүнүн көрсөткүчү катарындагы мааниси менен аныкталат.

Студенттердин биология сабагынан мектептен алган базалык билимин текшерүү максатында киришүү текшерүүчү ишти иштеп чыгып, студенттердин биология боюнча мектепеги алган билимдеринин жыйынтыгы текшерилди. Ал эми жыйынтык текшерүүчү суроолор курстун ар бир темасы боюнча түзүлүп, биология курсун окуунун аягында өткөрүлүп турду. Колледжде окуу ишиндеги студенттердин билимдеринин жана билгичтиктердин калыптанышынын денгээлин аныктадык: жогорку, орто жана төмөн.

Мектепте негизги билим алуудан кийин колледжге тапшырган студенттер көпчүлүк учурда өз алдынча иштердин ыкмаларын жана иш-аракеттердин ыкмаларына, жеткиликтүү денгээлде көндүмдөргө да ээ эмес болушат. Албетте, болочок башталгыч класстардын заманбап мугалиминин андан кийинки кесиптик даярдыгы жалпы билим берүүчү дисциплиналарды анын ичинен “Биология” предметин жана андан өз алдынча иштердин билгичтиктерин жана көндүмдөрүн өздөштүрүүдөн да көз каранды болот.

Ошентип, башталгыч класстардын заманбап мугалимин даярдоодогу өз алдынча иштердин ролу жана мааниси кесиптик компетенцияларды калыптандыруудагы негизги каражатттардын бири болуп саналат. Колледжде студенттердин өз алдынча иштеринин жеткиликтүү ишке ашыруу үчүн студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруунун бардык формаларына комплекстүү мамиле, өз алдынча иштердин бардык денгээлдеринин жана

типтеринин төп келиши, өз алдынча иштердин сапаттуу аткарылышын көзөлдөөнү камсыздоо, өз алдынча иштерди текшерүүнүн ар кандай формаларын колдонуу. Мисалы, ангемелешүү, тесттик иштерди аткаруу, рефераттарды жана докладдарды жазуу ж.б.

Колледждин студенттеринин өз алдынча иштерин активдештирүүнүн ар кандай ыкмаларын колдондук: окутуунун интерактивдүү методдору, окуу –усулдук колдонмолор, маалыматтык компьютердик технологиялар, интернет булактарынан өз алдынча маалыматтарды издөө, жекече тапшырмаларды аткаруу ж.б.у.с. Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруунун негизги максаты – студенттерди чыгармачылык менен изденүү денгээлине жеткирүү болуп саналат.

Биологияны окуудагы колледждин студенттеринин өз алдынча иштөөгө даярдыгын калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугун эксперименталдык текшерүү теориялык жоболорду текшерүү, изилдөө предметин тереңирээк изилдөө жана студенттердин өз алдынча иштөөгө даярдыгын калыптандырууга таасир этүүчү эң маанилүү педагогикалык шарттарды аныктоо максатында жүргүзүлдү.

Аныктоочу этапта изилденип жаткан көйгөй боюнча психо-педагогикалык жана методикалык илимий адабияттар, укуктук- ченемдик документтер, жумушучу программалар ж.б. талданды. Ушул эле этапта студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу боюнча биринчи курстун студенттери сурамжыланды. Бул сурамжылоо бизге өз алдынча окуу иштеринин уюштурулушу жана аткарылышы тууралуу кыйынчылыктарды аныктоого жардам берди.

Алгачкы талдоо бизге биологияны окуудагы колледждин студенттеринин өз алдынча иштерге даярдыгын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын теориялык жаткан негиздөөгө мүмкүнчүлүк берди.

Аталган этапта окуу жылынын башында когнитивдик критерийге ылайык «Биология» дисциплинасынан студенттердин окуу иш-аракеттеринин алгачкы денгээлин эксперимент түрүндө аныктай алдык. Бул үчүн атайын даярдалган текшерүү иштеринин жардамы менен студенттердин мектеп биология курсунан алган базалык билимдеринин жана көндүмдөрүнүн калыптануусун текшердик. Текшерүү ишинде ага кирген тапшырмалардын мазмунуна жана татаалдык денгээлине жараша айырмаланган үч денгээл алынды: төмөн, орто, жогору.

1-таблица. Биология дисциплинасынан көндүмдөрүн калыптануу денгээлин баалоо критерийи

| Топтолгон упайлар | Көндүмдөрүн калыптануу денгээли | Көндүмдөрүн калыптануу денгээлин баалоо | Беш балдык шкала боюнча баалоо |
|---|---|---|---|
| 18-22 | 76-100 | жогорку | 5 |
| 12-17 | 51-75 | орто | 4 |
| 6-11 | 26-50 | төмөн | 3 |
| 0-5 | 0-25 | калыптанган эмес | 2 |

Текшерүүчү жана эксперименталдык топтордун студенттери үчүн биология дисципилинасы профилдик эмес, жалпы билим берүүчү циклдин предметтерине кирет.Бардык студенттер колледжге негизги жалпы билим берүү базасында биринчи курска,


б.а. 9-класстан кийин кабыл алынган жана жаш курагы боюнча бирдей (15-16 жаш). Демек изилдоого катышып жаткан колледждин студенттеринин шарттары бирдей болду.

Студенттердин өз алдынча иштерге даярдыгынын калыптануу критерийлеринин көрсөткүчтөрүн аныктоо эки жолу жүргүзүлдү.

Биринчиси жолу жаны окууга студент болуп киргенден кийин, окуу процессинин башталганына бир ай болгондо жүргүзүлдү, ал эми экинчиси экинчи семестр аяктаганда б.а. окуу жылынын аягында Биология дисциплинасы толугу менен окутулуп бүткөндө жүргүзүлдү.

Алгачкы аныктоодогу текшерүүчү иштин жыйынтыгы көрсөтүп тургандай студенттердин биология дисциплинасы боюнча мектеп алдып келген билимдеринин алгачкы денгээлин көрсөтүп турат.

**1-диаграмма.** Биология дисциплинасынан студенттердин билим жана көндүмдөрдү калыптануусунун эксперименттин башталышындагы денгээлдери




Биология боюнча студенттердин жетишкендиктеринин көрсөткүчтөрүндө көрүнүп тургандай эксперименттик жана текшерүүчү топтордогу студенттердин биология боюнча жетишкендиктеринде маанилүү деле айырмачылык байкалбайт. Эки топтон студенттеринде биология дисциплинасынан жетишкендиктеринин төмөнкү денгээли жогору экендиги көрүнүп турат. Эксперименттик топто студенттердин 60%ын төмөн денгээл түзсө, ал эми текшерүүчү топто 62%ын төмөн денгээл түзүп турат. Эки топто тен ортонку денгээл 24%-28% ы түздү. Биздин оюбузча бул көрсөткүчтөрдүн жыйынтыгы студенттердин биологиядан алган билимдерин практикада колдонуу көндүмдөрү жеткиликтүү калыптанбагандыгын көрсөтүп турат. Аларда биологиялык кубулуштарды, обьектилерди жана процесстерди салыштыруу, салыштыруу аркылуу жыйынтык чыгаруу ж.б.у.с. көндүмдөр жеткиликтүү калыптана элек.

Калыптандыруучу этапта адабияттарды талдоо аркылуу аныктап алган студенттерде биология предметинин өз алдынча иштерине даярдык көндүмдөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугун маанилүү деп алынган шарттарды биология предметинде колдонуу аркылуу текшердик. Биология курсунун ар бир тема боюнча өз алдынча иштердин комплекси иштелип чыгылды.Студенттердин өз алдынча иштөөгө даярдыгын калыптандыруу процесси, биз иштеп чыккан педагогикалык шарттарды эске алуу менен, үч этаптан турду: даярдоо, аткаруу жана баалоо.

Даярдоо этабында студенттерди колледждеги окуу процессинин уюштурулушу, сабактардын түзүмү (лекциялар, лабораториялык сабактар, өз алдынча иштер) менен тааныштыруу болуп өттү, студенттер лекциялардын конспекттерин жүргүзүүнү үйрөнүштү.

Ошондой эле студенттер өз алдынча иштерди уюштуруунун өзгөчөлүктөрү, баалоо критерийлери менен таанышышты. Өз алдынча окуу иштерин ишке ашырууга алардын даярдыгынын негизи түптөлүп, алардын өз алдынча иштөөгө даярдыгынын калыптануусунун деңгээлинин баштапкы диагностикасы жүргүзүлдү.

Өз алдынча иштөөгө даярдыкты калыптандыруунун аткаруу этабында окуу процессине "Биология" предметинен эксперименттие топтун студенттеринин өз алдынча иштөөсү үчүн тапшырмаларды колдонуу аркылуу студенттерде өз алдынча иштерге даярдыгынын көндүмдөрүн калыптандыруу иштери жүргүзүлдү.

Колледжде биология предметин окутууда окутуучунун эн биринчи милдеттеринин бири студенттерге өздөрүнүн окуу ишмердүүлүгүн өз алдынча башкаруу, маалыматтарды издөөдө өз алдынча чечим чыгаруу, жаны билимдерди алууну өз алдынча пландоо жана аларды практикада колдонуу ж.б. үйрөтүү болуп саналат. Колледжде биологияны окутуу методикасынын спефикикасы окутуучу тарабынан студенттик аудиториянын потенциалына ылайык окутуунун методдорун жана аны ишке ашыруунун формаларынын жана шарттарын тандоо болот.

Баалоо этабында даярдыктын башапкы көрсөткүчтөрүн кайрадан аныктоо, натыйжаларды баштапкы маалыматтар менен салыштыруу жана аларды системалаштыруу жүргүзүлдү. Бул этап өз алдынча окуу иш-аракеттерине даярдыктын калыптануу деңгээли студенттердин таанып-билүүчүлүк, мотивациялык, эрктүүлүк, ишмердик жана рефлексивдик касиеттеринин өнүгүшү менен байланыштуу экендигин көрсөттү. Демек, инсандын бул касиеттерин биз студенттердин өз алдынча окуу иш-аракеттерине даярдыгын натыйжалуу калыптандыруу үчүн ички шарттар катары карайбыз.


Биология боюнча студенттердин билиминин жана көндүмдөрүнүн калыптануу денгээли менен окуп жаткан дисциплина боюнча жеткишкендиктеринин денгээлдерин салыштырдык. Салыштырууну биологияны окуу процесиндеги студенттердин билимдеринин жана көндүмдөрүнүн калыптануусунун денгээлдерин баалоо критерийлеринин жардамы менен аныктап алдык.

2-таблица. Биология дисциплинасынан студенттердин билим жана көндүмдөрдү калыптануусунун салыштыруу денгээлдери

| Биологиядан билимдин жана көндүмдүн калыптануу денгээли | Эксперименттин башталышы | | Эксперименттин аягы | |
|---|---|---|---|---|
| | ЭТ | ТТ | ЭТ | ТТ |
| | % | % | % | % |
| Жогору | 12% | 14% | 26% | 18% |
| Орто | 28% | 24% | 54% | 45% |
| Төмөн | 60% | 62% | 20% | 37% |
| Бардыгы: | 65студент | 63 студент | 65студент | 63 студент |

Колледждин студенттери Биология дисциплинасын толук окуп бүткөндөн кийинки текшерүүчү тапшырмаларды берип, студенттердин биологиядан окуу жетишкендиктерин талдоо аркылуу алардын окуу иш-аракеттерине ээ болуу денгээлин көзөмөлдөп алдык.

2-диаграмма. Биология дисциплинасынан студенттердин билим жана көндүмдөрдү калыптануусунун салыштыруу деңгээлдери




2-диаграммада көрүнүп тургандай эксперименттик топтогу студенттердин биология боюнча өз алдынча ишке даярдыгынын калыптынышынын төмөнкү деңгээли 60% түзсө, эксперименттен кийин 37% түздү. Ал эми ортонку деңгээл экспериментке чейин 28%, эксперименттен кийин 54%га, жогорку деңгээли экспериментке чейин 12% болсо, эксперименттен кийин 18% жогорулады. Текшерүүчү топто эксперименттик топко салыштырмалуу маанилүү өзгөрүү болгон жок.

Ошентип, биология дисциплинасы боюнча студенттердин өз алдынча иштерге даярдыгын жогорулатуу үчүн студенттердин өз алдынча иштерине натыйжалуу таасир этүүчү педагогикалык шарттары системалуу түзүү аркылуу аларда предметке болгон кызыгууну жана өз алдынча билим алууга мотивацияны жогорулатууга болот. Натыйжада биология дисциплинасынан студенттердин жеткишкендиктери байкалат жана ал инсандык сапаттар азыркы заманбап билим берүүнүн жана коомдун талаптарына натыйжалуу жооп берет.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1.Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Кыргыз Республикасынын укуктук маалыматтардын борборлоштурулган банкы [Электрондук ресурс]. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4- майындагы № 200 «2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө» токтому, 2021. – Б.: Режимге кирүү: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/158226/10?cl=kykg&mode=tekst

2. Кыргыз Республикасын 2018-2040-жылдары өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы –Бишкек, ноябрь – 153б

3. Трайтак Д. И. Проблемы методики обучения биологии: Труды действительных членов Международной академии наук педагогического образования. [Текст] : учеб. пособие / Д. И. Трайтак. – Москва: Мнемозина, 2002. – С.304.

4. Шабунин Л. Е. Педагогические основы гуманитарной подготовки студентов технического колледжа к профессиональной самоорганизации [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук: 13.00.01 / Леонид Евгеньевич Шабунин; [Место защиты: Липецкий гос. пед. ун-т]. – Липецк, 2000. – С.18.

5. Шамова Т. И. Активизации учения школьников [Текст] / Т. И. Шамова. – Москва: Педагогика, 1982. – С.208.

**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Сатыбекова М.А.**